
# Токой достору



Автор: Дхрувкаран Нанд

Сүрөтчү: Хонсон Чан

Которгон: Назира Сартбаева

# Токой достору

Автор: Дхрувкаран Нанд
Сүрөтчү: Хонсон Чан
Которгон: Назира Сартбаева

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023


Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

“Токой достору”(кыргыз тилинде), Назира Сартбаева тарабынан которулуп адаптацияланган. *Forest friends* (англисче) чыгарманын негизинде, автору Dkhruvkaran Nand  жана сүрөтчүсү Rene Leysink. ©The Asia Foundation - Let’s Read, тарабынан 2022-жылы CC-BY-NC-4.0. лицензиясы боюнча басылып чыккан. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: https://www.letsreadasia.org/book/forest-friends--?bookLang=4846240843956224

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Тина – жети жаштагы кыз.

Ал Кочкул-Алча деп аталган бактылуу айылда жашайт.

Анын айылы кооз токойдун жанында жайгашкан.

Бул жерде таза, туптунук дарыя агып өтөт.

Тина айылда өзүнүн токойдогу достору менен ойногонду жакшы көрөт.

Бир жолу күндүз токойдо өрт чыкты. Айылдын эр жүрөк тургундары жалындаган өрт менен бир нече саат күрөштү.

Акыры өрттү өчүрүштү. Чарчаган адамдар караңгы киргенде үйлөрүнө тарап кетишти.





Алар араӊ үйүнө жеткенде, катуу бороон башталды.

Катуу соккон шамал бак-дарактарды кулатты. Шамал канаттууларды уясынан түшүрүп учуруп жатты. Катуу жамгырдан улам дарыядагы суу жээктеринен чыгып, ташкындай баштады.

– Мунун баары климаттын өзгөрүшүнөн улам болууда, – деп айтышты айрым улгайган адамдар.

Кийинки күнү Тина өзүнүн токойдогу достору менен ойногону жүгүрүп келди.

– Ой, жок! Токойго эмне болгон? – деп ыйлап жиберди.

Ушул учурда жардам сурап кыйкырып жаткан үндү укту.

– Жардам бергиле! Жардам бергиле!

Тина чыккан үндү тыңшап калды.





Ал үн кайсы жактан чыгып жатканын түшүндү, дарыя тарапка жүгүрдү.

Тина ал жактан балык, бака жана куртбалык досторун тапты.

Аларды бороон учурган жалбырактар менен бутактар басып калыптыр.



– Тина, суранам, бизге жардам берчи. Бороон түндө биздин үйүбүздү бузуп кетти, – деди Бака Тинага жалбарып.

– Коркпогула, достор. Мен жардамга чакырып келейин, – деп жооп берип Тина кайра айылды көздөй шашыла жүгүрүп кетти.

Тина айыл башчысы Туйду тапты. Ага көргөнүн жана укканын бүт айтып берди. Айылдын тургундары чогулуп, дарыяга келишти.



Бороон келтирген зыянды көрүп, баары капа болушту.





Айылдын жашоочулары эмне кыларын билбей туруп калышты.

Тина бороон анын чоң энесинин үйүн кулатканын эстеди.

– Алгач биз жыйнайлы, андан кийин жаңы бак-дарактарды отургузабыз, – деди Тина.

– Ооба! Биз дагы жардам беребиз, анткени бул да биздин үйүбүз, – деп айтышты жаныбарлар.

– Жакшы, – деп жооп берди Туй. – Ишибизди жеңилдетүү үчүн топко бөлүнөлү.

Туй айылдын тургундарын эки командага бөлдү.

Ал жаңы бак-дарак отургузууга жерди тазалаш үчүн Жашыл команданы жетектеди.

Тина дарыяны тазалоодо жаныбарларга жардам бериш үчүн Көк команданы башкарды.







Башчы Тина иш планын түзүү үчүн Көк команданы топтоду.

Алар Кочкул-Алча айылын жашоо үчүн дүйнөдөгү эң ыңгайлуу жер кылууну самашат.

Анын командасы өрттү жана суу ташкынын токтотуу үчүн колдон келгендин баарын жасайт.

– Бул оор милдет, бирок абдан кызыктуу, – деди Тина.

Кызыктуу...

Өрт кантип башталды деп ойлойсуңар?

Айыл тургундары өрт тууралуу кайдан билишти? Алар бороон башталганга чейин бак-даракты сактап кала алыштыбы?

Айыл тургундары кантип токойду жана дарыяларды экологиялык таза бойдон сактап кала алышат?



USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ


Автор: Дхрувкаран Нанд
Сүрөтчү: Хонсон Чан
Которгон: Назира Сартбаева



USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы


- 1-класс
  - 1.1 деңгээли
  - 1.2 деңгээли
  - 1.3 деңгээли
- 2-класс
  - 2.1 деңгээли
  - 2.2 деңгээли
- 3-класс
  - 3.1 деңгээли
  - 3.2 деңгээли
- 4-класс
  - 4.1 деңгээли
  - 4.2 деңгээли